КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ
ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
А. П. Гайдар атындагы № 10
орто мектеби

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
средняя школа № 10 им. А.П. Гайдара

Протокол №2

Кызыл –Кыя шаарынын №10 орто мектебинде 2022 -2023 окуу жылынын 13 октябрь куну « Мектепте коопсуз окуу чойросун тузуу» жана « Экстремизм мыйзамсыз миграцияга каршы « аттуу ата-энелер комитеттеринин жыйынынын протоколу.

13.10.2022ж

**Катышкандар:**
Кызыл –Кыя шаардык УКМК нын кызматкери Абдылдаев. К, Мойдун уулу Б
Кызыл –Кыя ШИИБдин Экстремизмге ,мыйзамсыз миграцияга каршы аракеттенүү кызматынын кызматкерлери, милициянын улук лейтенанты Абдуллаев Б, милициянын улук лейтенанты Абдыганы уулу О
Кызыл- Кыя шаарынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы Д.Д.Матосмонова.
Мектеп директору Толубаева Э.Ш
Мектеп участкалык инспектору Абдимиталип уулу Муса.
Ата-энелер комитеттери 25 адам.

**Кун тартибинде :**

1. Терроризмдин жана экстремизмдин алдын алуу:
2. Мектепте коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү:
3. Ата-энелер комитети тарабынан уюштурулган көзөмөл кызматынын ишмердүүлүгү.
4. Өзгөчө кырдаал маалында өзүн сактоо боюнча (Ижевск шаарындагы окуя)

Сөзгө чыкты:Мектеп директору Э.Шавкатбековна катышуучуларды келген меймандар менен жана күн тартибинде каралуучу маселелер менен тааныштырды.Ал сөзүндө мектепте ата-энелердин сунушу жана коопсуз чөйрөнүн түзүү үчүн» Батор секюрити» уюму менен көзөмөлчү иштеп жатканын айтты.Көзөмөлчү окуу маалында саат 8:00ден 18:30дан кийин окуучулардын жана мектеп имаратынын коопсуздугун көзөмөлдөйт
Сөзгө чыкты: Кызыл-Кыя шаардык УКМКнын кызматкери Абдылдаев.К.Ал шаардын бардык мектептеринде көзөмөлчүгө атайын терроризм жана экстремзмдин алдын алуу боюнча УКМК тарабынан инструктаж менен иш алып барууну эскертти.Ал ата-энелерге балдарынын жүрүм-турумуна өзгөчө көнүл буруу керектигин,азыркы күндө жаштар арасында ар турдуу КР тыюу салынган диний уюмдар уюшулуп жатканын белгиледи. Эгер шаарда же жашаган аймактарда ошондой уюмдардын ишмердуулугун байкап калышса тезинен,УКМК бөлүмүнө кабар берүү керектигин эскертти.Мисал үчүн РФ Ижевск шаарындагы кайгылуу окуядан кийин мектептерде жана башка окуу жайларда коопсуздукту күчөтүү керектигин айтты.
Сөзгө чыкты:Кызыл –Кыя ШИИБдин Экстремизмге, мыйзамсыз миграцияга каршы аракеттенүү кызматынын кызматкерлери милициянын улук лейтенанты Абдуллаев Б. Ал

ата-энелерге эгер миграцияга кете турган болсо,мектепке кабар берип,балдарга камкорчуларды дайындап кетүүлөрүн эскертти. Балдардын уюлдук телефондорун да көзөмөлдөөнү ,ар түрдүү кооптуу сайттарга катталбашын ,кимдер менен байланышып жатканын каттуу кароону айтты.

Жарыш сөзгө: Кызыл –Кыя шаардык УКМК нын кызматкери Мойдун уулу Б чыгып ,коопсуздукту бекемдөө үчүн бардык жарандар жооптуу экендигин,азыркы жаштарды жолдон азгырып жаткан туура эмес тутумдагы диний уюмдарды, шектүү адамдарды учуратып калган болсо өзүнүн жараандык позитциясын сактап,тийиштүү кызматтарга маалымат берүү керектигин баса белгиледи.

**Чечим:**

1 Ата-энелер өз балдарынын телефондоруна ар дайым көзөмөдөп түрүү.

2 Мектеп жетекчилиги,мектеп көзөмөлчүсү, ата-энелер комитети окуучуларды жана мектеп имаратынын коопсуздугун көзөмөлдөсүн.

Мектеп директору: Толубаева Э.Ш

Катчы: Рыскулова З.М

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ
ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
А. П. Гайдар атындагы № 10
орто мектеби

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
средняя школа № 10 им. А.П. Гайдара

Протокол №3

Кызыл –Кыя шаарынын А.П.Гайдар атындагы №10 орто мектебинде 2022 -2023 окуу жылынын 9 - декабрь күнү «Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча" 8-11 класстардын арасында өткөрүлгөн жолугушуунун протоколу

9.12.2022-ж

**Катышкандар:**

Кызыл –Кыя шаарынын прокурорунун жардамчысы: Орозалиев Ильязбек Акрамалиевич
Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси: Эранов Мирлан Мураталиевич
Кызыл- Кыя шаарынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы: Матосмонова Дамира Джамалидиновна
Кызыл –Кыя ШИИБдин БИИнын улук инспектору милициянын майору: Жакыпов Улан
Кызыл-Кыя шаардык эмгек социалдык камсыздоо башкармалыгынын Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн башкы адиси: Т. Муратова.
Мектеп директору: Толубаева Э.Ш
Мектеп участкалык инспектору: Абдимиталип уулу Муса.
8-11- класстардын класс жетекчилери.

**Күн тартибинде:**

1 Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун , зордук -зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо.

***Сөзгө чыкты:*** Мектеп директору, Толубаева Э.Ш. сөзгө чыгып, окуучуларды келген меймандар менен тааныштырып, азыркы күндөгү эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири, кылмыштуулук, зордук-зомбулук экенин айтып, бул тууралуу класстык саатар, мектеп ичинде иш-чаралар болуп жатканындыгын айтты. Ошондой болсо да бул көйгөй жаштар арасында өз күчүндө тургандыгын айтып, ушул маселе боюнча келген коноктор түшүндүрүү иштерин жүргүзөөрүн айтты.

***Сөзгө чыкты:*** Кызыл-Кыя шаарынын прокурорунун жардамчысы Орозалиев Ильязбек Акрамалиевич сөзгө чыгып, бүгүнкү күндө кылмыштуулуктун өсүп жатканын биз үналгы, сыналгыдан, ар түрдүү сайттардан көрө баштадык. Кылмыштуулук ар түрдүү себептерден келип чыгат. Бул көйгөйдү чогулуп чечип,чогуу жеңсек болот деген оюн майтты. Ал бул коомдогу адеп ахлак нормаларын бузбоого, окуучуларды билим алууга кайдыгер мамиле жасабоого , өз сүйгөн кесибин туура тандоого үгүттөп кетти. Азыркы күндө жаштар арасында ар түрдүү тыюу салынган диний уюмдар уюшулуп жатканын белгиледи. Эгер шаарда же жашаган аймактарда ошондой уюмдардын ишмердүүлүгүн байкап калышса, коңушу - колондор арасында, досторундун арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун белгисин байкап калсанар тезинен УКМК бөлүмүнө, 111 112,102,101 номерлерине кабар берүү керектигин эскертти.

***Сөзгө чыкты:*** Кызыл –Кыя шаарынын аппарат жетекчиси, Эранов Мирлан Мураталиевич сөзгө чыгып, пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с. а.в) "Бир саат илим алуу - түнү менен ибадат кылган менен барабар"- деген сөзун мисал келтирди. «Билим алуу - ийне менен кудук казгандай» -деп убакытты туура пайдаланып, билимге, адабий китептерди окууга убакыт бөлүп, жеңил жашоодон качкыла. Жакшы менен достошсо муратка жетерин жаман менен достошсо, уятка кааларын айтты. Жамандын жарасы жугат дегендей жаман балдардан алыс болууну өтүндү. Балдардын уюлдук телефондорун туура, максаттуу пайдалануусу жакшы натыйжа берерин айтты.

***Сөзгө чыкты:*** Кызыл –Кыя ШИИБ дин БИИнын улук инспектору, милициянын майору, Жакыпов Уланга берилди. Ал өз сөзүндө шаарда бүгүнкү күнү жаштар арасында кылмыштуулук былтыркыга караганда көбөйгөнүн, анын ичинен тоноочулук, уурулук көп катталгандыгын айтты. Ал өз сөзүндө окуучуларга бүгүнкү чогулуштун максаты кылмыштуулуктун, укук бузуунун жоопкерчилиги жөнүндө маалымат берди.Укук бузуунун жоопкерчилиги 16 жаштан, кылмыштуулук болсо 14 жаштан башталат. Ошондуктан, силер кылмыш жасасаңар, жашыңар жетпесе да, ата-энелерге мыйзам чегинде айып пул салынат деген оюн айтты.

***Сөзгө чыкты:*** Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Матосмонова Дамира Джамалидиновна сөзгө чыгып, ал балдарга электрондук сигареттин, нас, тамекинин, энергетиктин адамга келтирилген зыяндуу жактарын кеңири мисалдар менен окуучуларга түшүндүрүп берди.

***Сөзгө чыкты:*** Кызыл-Кыя шаардык эмгек жана социалдык камсыздоо башкармалыгынын Үй- бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн башкы адиси, Т . Муратова сөзгө чыгып, азыркы кезде көпчүлүгүнөрдүн ата-энеңер, тууган-туушкандарыңар чет өлкөгө иштегени кеткен. Кандайдыр бир кылмыштуулук, зордук зомбулуктун белгисин билсеңер, мугалимдерге, соц.педагогдорго же 102.111,101 ишеним телефондоруна кайрылса жакындан жардам болорун айтты.

Андан кийин «Жардам жанында»- деген видео ролик окуучуларга көрсөтүлүп, чогулуш жыйынтыкталды.

**Чечим:** Кылмыштуулуктан, зордук зомбулуктан алыс болуп, туура жолдо жүрүүнү тандоо. Окуучулардын туура жүрүм - туруму ар дайым класс жетекчилер, администрация, ИДН кызматкерлери, ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнсүн.

Мектеп директор: Толубаева Э.Ш.

Катчы: Рыскулова З.М.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ А. П. Гайдар атындагы № 10 орто мектеби** | | **МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ средняя школа № 10 им. А.П. Гайдара** |

Протокол №2

Кызыл –Кыя шаарынын №10 орто мектебинде 2022 -2023 окуу жылынын 13 октябрь куну « Мектепте коопсуз окуу чойросун тузуу» жана « Экстремизм мыйзамсыз миграцияга каршы « аттуу ата-энелер комитеттеринин жыйынынын протоколу.

13.10.2022ж

**Катышкандар:**
Кызыл –Кыя шаардык УКМК нын кызматкери Абдылдаев. К, Мойдун уулу Б
Кызыл –Кыя ШИИБдин Экстремизмге ,мыйзамсыз миграцияга каршы аракеттенүү кызматынын кызматкерлери, милициянын улук лейтенанты Абдуллаев Б, милициянын улук лейтенанты Абдыганы уулу О
Кызыл- Кыя шаарынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы Д.Д.Матосмонова.
Мектеп директору Толубаева Э.Ш
Мектеп участкалык инспектору Абдимиталип уулу Муса.
Ата-энелер комитеттери 25 адам.

**Кун тартибинде :**

1 Терроризмдин жана экстремизмдин алдын алуу:
2 Мектепте коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү:
3 Ата-энелер комитети тарабынан уюштурулган көзөмөл кызматынын ишмердүүлүгү.
4 Өзгөчө кырдаал маалында өзүн сактоо боюнча (Ижевск шаарындагы окуя)

Сөзгө чыкты:Мектеп директору Э.Шавкатбековна катышуучуларды келген меймандар менен жана күн тартибинде каралуучу маселелер менен тааныштырды.Ал сөзүндө мектепте ата-энелердин сунушу жана коопсуз чөйрөнүн түзүү үчүн» Батор секюрити» уюму менен көзөмөлчү иштеп жатканын айтты.Көзөмөлчү окуу маалында саат 8:00ден 18:30дан кийин окуучулардын жана мектеп имаратынын коопсуздугун көзөмөлдөйт
Сөзгө чыкты: Кызыл-Кыя шаардык УКМКнын кызматкери Абдылдаев.К.Ал шаардын бардык мектептеринде көзөмөлчүгө атайын терроризм жана экстремзмдин алдын алуу боюнча УКМК тарабынан инструктаж менен иш алып баруууну эскертти.Ал ата-энелерге балдарынын жүрүм-турумуна өзгөчө көнүл буруу керектигин,азыркы күндө жаштар арасында ар турдуу КР тыюу салынган диний уюмдар уюшулуп жатканын белгиледи. Эгер шаарда же жашаган аймактарда ошондой уюмдардын ишмердуулугун байкап калышса тезинен,УКМК бөлүмүнө кабар берүү керектигин эскертти.Мисал үчүн РФ Ижевск шаарындагы кайгылуу окуядан кийин мектептерде жана башка окуу жайларда коопсуздукту күчөтүү керектигин айтты.
Сөзгө чыкты:Кызыл –Кыя ШИИБдин Экстремизмге, мыйзамсыз миграцияга каршы аракеттенүү кызматынын кызматкерлери милициянын улук лейтенанты Абдуллаев Б. Ал

ата-энелерге эгер миграцияга кете турган болсо,мектепке кабар берип,балдарга камкорчуларды дайындап кетүүлөрүн эскертти. Балдардын уюлдук телефондорун да көзөмөлдөөнү ,ар түрдүү кооптуу сайттарга катталбашын ,кимдер менен байланышып жатканын каттуу кароону айтты.
Жарыш сөзгө: Кызыл –Кыя шаардык УКМК нын кызматкери Мойдун уулу Б чыгып ,коопсуздукту бекемдөө үчүн бардык жарандар жооптуу экендигин,азыркы жаштарды жолдон азгырып жаткан туура эмес тутумдагы диний уюмдарды, шектүү адамдарды учуратып калган болсо өзүнүн жараандык позитциясын сактап,тийиштүү кызматтарга маалымат берүү керектигин баса белгиледи.

**Чечим:**
1 Ата-энелер өз балдарынын телефондоруна ар дайым көзөмөдөп түрүү.
2 Мектеп жетекчилиги,мектеп көзөмөлчүсү, ата-энелер комитети окуучуларды жана мектеп имаратынын коопсуздугун көзөмөлдөсүн.

Мектеп директору: Толубаева Э.Ш

Катчы: Рыскулова З.М